# **Сабактын план-конспекти**

Сабактын аты: **Кыргыз тили**

Класс: 6-А класс

Сабактын темасы : Сан атоочтордун маанилик түрлөрү

Сабактын тиби: Жаңы теманы түшүндүрүү

Сабактын түрү: Стандарттык

Колдонулуучу методдор жана ыкмалар: Интерактивдүү, көрсөтмөлүүлүк, аңгемелешүү, жекече иштөө.

Колдонулуучу каражаттар: Слайд, окуу китеби, дидактикалык материалдар, карточкалар.

Предмет аралык байланыш: кыргыз адабияты , адеп , география , математика , сүрөт

Негизги компетенттүүлүктөр:

1. Маалыматтык (НК 1)
2. Социалдык-коммуникациялык (НК 2)
3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (НК 3)

Предметтик компетенттүүлүктөр:

1. Кептик жаңы маалыматтарды таанып билүү, аны колдонуу жана элементи менен жаза билүү компетенттүүлүгү (ПК 1)
2. Тема боюнча түшүнүгүн тереңдетүү жана бышыктоо (ПК 2)
3. Кептик көндүмдөрдү талдоо компетенттүүлүгү (ПК 3)
4. Жашоо -тиричилик менен байланыштыруу компетенттүүлүгү (ПК 4)

| № | Сабактын максаттары: | Көрсөткүчтөрү: |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк: Окуучулар тема боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдешет.Мисалдарды келтиришет.Алган билимдерин турмушта пайдаланышат. Теманын үстүнөн топтордо чыгармачылык менен иштешет. Көнүгүүлөрдү таза,сулуу жазышат. | Окуучулар тема жөнүндө билимдерин бекемдешсе.Тема боюнча мисалдарды иштешсе. Алган билимдерин турмушта пайдаланышса. Теманын үстүнөн топтордо чыгармачылык менен иштешсе. Көнүгүүлөрдү туура , сулуу жазышса. |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк:Тема аркылуу сүйлөө кеби, кол жазма сулуулугу өсөт.Элестетүүсү, эске сактоосу , кабыл алуусу , чыгармачылыгы калыптанат.<br>Өз алдынча ой жүгүртүп иштей алышат. Ойлонуу иш-аракеттерин өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт: дифференцирлешет, жыйынтыкташат, эмоционалдык жана образдык эске тутууларын өнүктүрүшөт. Өтүлгөндөр боюнча толук маалымат беришет. | Логикалык ой жүгүртө алышса. Ойлонуу иш-аракеттерин өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлсө: дифференцирлешсе, жыйынтыкташса, эмоционалдык жана образдык эске тутууларын өнүктүрүшсө. Өтүлгөндөр боюнча толук маалымат беришсе. |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк: Активдүүлүккө, ыкчамдуулукка, окуу процессинде ынтызарлуулукка кызыгууга тарбияланышат. Туура жана так иштөөгө көнүгүшөт. Биринин сөзүн бири угуп, өзгөлөрдү сыйлашат. | Активдүүлүккө, ыкчамдуулукка, окуу процессинде ынтызарлуулукка кызыгууга тарбияланышса. Туура жана так иштөөгө көнүгүшсө. Биринин сөзүн бири угуп, өзгөлөрдү сыйлашса. |

Сабактын жүрүшү :

| № | Сабактын | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун | Компетент- | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|

| | этаптары (Убактысы) | | ишмердиги | түүлүктөр | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги (НК) | Предметтик (ПК) | |
| 1 | Уюштуруу:<br>1.1. Саламдашуу (2 мүнөт) | Саламатсыңарбы балдар! Мугалим класс менен саламдашат. Окуучулардын маанайын, сабакка даярдыгын сурайт. | Саламатсызбы!<br>Мугалиди кунт коюп угушат. Суроолорго жооп беришет. | НК 2 | ПК 2 | |
| | 1.2. Шыктандыруу (3 мүнөт) | Жагымдуу маанай тартууланат. Кыргыз тили сабагына байланыштуу кызыктуу крассворд,тил жөнундө цитаталар айтылат. | Окуучулар жагымдуу маанай менен сабакка киришишет.Крассворддун жандырмагын табышат. | НК 1 | ПК 4 | |
| 2 | Кайталоо (үй тапшырма) (2 мүнөт) | Үйгө берилген тапшырманы окуучулардан сурап , сабакка даярдыгын текшерем. | Окуучулар мугалим берген суроолорго өз ойлорун эркин айтуу менен жооп беришет. | НК 3 | ПК 2 | Калыптандыруучу баалоо.<br>„Интервью" |
| 3 | Жаңы теманы түшүндүрүү. | Слайддан тема чыгат, түшүндүрмө берем. Окуучулардын билимин текшерип алуу максатында тема | Мугалимдин суроолоруна жооп беришет. Дептерге | НК 1 | ПК 1 | Калыптандыруучу баалоо. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | (10-мүнөт) | жөнүндө сурайм.Алардын оюн угам.Алдыда ойнолуучу “Фишбоун “ оюну тууралуу маалымат берем . Окуучуларды оюн аркылуу топторго бөлүп алам. Ар бир топко сан атоочтун маанилик түрлөрү боюнча тапшырмаларды берем. | так, туура, сулуу, элементи менен жазышат.Эрежелерди эстерине сакташат . Окуучулар топторго бөлүнүшөт. Сунуштарын айтат. Толуктоолорду киргизишет. Топтор бири – бирин кубаттайт. | | | |
| 4 | Практикалык иш (10 мүнөт) | Оюнда көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткарышат. Оозеки , жазуу түрүндө иштешет. | Дептерге жазышат. Оозеки жооп беришет. Окуучулар темага бвйланыштуу оюн ойноо менен сабактарын андан ары улантышат. | НК 2 | ПК 2 | Калыптандыруучу баалоо. “Кайтарым байланыш” |
| 5 | Бышыктоо (8 мүнөт) | Мугалим окуучулардын билимдерин жыйынтыктоо максатында карточкаларды таратат. | Окуучулар суроого жооп берүү менен сабакты жыйынтыкташат. Бири-бирине суроолорду беришет. | НК 3 | ПК 3 | Жекече баалоо. “Кайтарым байланыш” |
| 6 | Үйгө тапшырма | Окуу китебиндеги №332 көнүгүүнү | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | берүү<br>(1 мүнөт) | аткарып келүү.<br>Чыгармачыл тапшырма. Сан атоочтор катышкан макал – лакаптардан, табышмактардан таап келүү. | | | | |
| 7 | Окуучулардын билимин баалоо<br>(2 мүнөт) | Окуучулардын ишмердүүлүгүн, активдүүлүгүн, чеберчилигин баалайт. Мугалим сабакка активдуу катышкан окуучуларга, суроолорго жооп берген окуучуларга деңгээлине жараша баалап , ар түрдүү быйтыкчаларды таратат. | Сабакка активдүү катышкан окуучулар бааланат. | | | Жекече баалоо |